Политика конфиденциальности

и обработки персональных данных BAKAI Travel

(ОсОО «Бакай Трэвел Кей Джи»)

1. Общие положения

1.1. Настоящая Политика конфиденциальности (далее – Политика) объясняет, какие персональные данные мы собираем, как их используем и как заботимся безопасности ваших данных при работе с сервисом «BAKAI Travel» (далее – Сервис), интегрированным в мобильное приложение BAKAI ОАО «Бакай Банк».

1.2. Мы соблюдаем требования законодательства Кыргызской Республики, включая Закон «Об информации персонального характера», и придерживаемся лучших международных практик. ОсОО «Бакай Трэвел Кей Джи» включено в реестр операторов, осуществляющих обработку персональных данных, под регистрационным № 1-03227 от 10.07.2025 г.

1.3. Мы ценим ваше доверие. Используя Сервис, вы соглашаетесь с условиями данной Политики. Если вы не согласны – пожалуйста, не используйте Сервис.

1.4. Политика может обновляться. Мы будем своевременно публиковать новые редакции в приложении и на сайте.

2. Термины и определения

Персональные данные – любая информация, по которой можно прямо или косвенно определить конкретного человека. Это могут быть как данные самого Пользователя, так и сведения о третьих лицах (например, пассажирах или сопровождающих), которые Пользователь указывает для бронирования или получения услуг.

Обработка персональных данных – любые действия с ними: сбор, хранение, использование, передача, удаление и т. д.

Конфиденциальность персональных данных – наше обязательство не передавать данные без вашего согласия или законных оснований. Ваше согласие на обработку запрашивается при каждой покупке и оформлении заказа в Сервисе.

«Мы», «нам», «наш», «Компания» и «BAKAI Travel» – относятся к ОсОО «Бакай Трэвел Кей Джи».

«Вы», «Вам», «Ваши», «Пользователь» и «Клиент» – относятся к пользователю, оформившему или планирующему оформить заказ через сервис BAKAI Travel. Клиентом является дееспособное физическое лицо, достигшее совершеннолетия в соответствии с законодательством, имеющее право вступать в договорные отношения с BAKAI Travel. К Клиенту также относится лицо, указанное в Заказе как получатель услуг.

«Заказ» – заявка Клиента в приложении или через службу поддержки на бронирование или оплату услуг Сервиса.

«Поставщик» – организация, предоставляющая услуги (партнер по интеграции, авиакомпания, туроператор, экскурсионный оператор и т. д.), чьи услуги доступны для бронирования и покупки через Сервис.

3. Какие данные мы обрабатываем

Мы можем обрабатывать:

- ФИО, дату рождения, пол, гражданство;
- паспортные данные и иные удостоверяющие личность сведения (серия и номер, дата окончания, кем выдан);
- ИНН (если требуется);
- контактную информацию (телефон, email);
- платёжные реквизиты и подтверждения транзакций;
- сведения о заказах (авиабилеты, экскурсии и др.);
- техническую информацию (IP-адрес, данные об устройстве, cookies);
- данные о местоположении (если вы дали согласие);
- обратную связь и коммуникацию с нашей службой поддержки и другими каналами связи (включая опросы, социальные сети, страницы приложения);
- иные данные, необходимые для оказания услуг.

4. Зачем нам нужна эта информация

Мы собираем и используем персональные данные только тогда, когда для этого есть законные основания: выполнение наших контрактных обязательств, требования закона или ваше согласие.

Эта информация необходима, чтобы:

- предоставить услуги (создание бронирования, подтверждение заказа, отправка маршрутных квитанций);
- проводить и подтверждать платежи, включая передачу данных в банк и платёжные системы;
- предоставлять техническую поддержку, обрабатывать обращения и запросы;
- информировать о перевозке багажа, правилах перевозчиков и других условиях поездки;

- отправлять SMS, push-уведомления и другие сообщения, связанные с вашими заказами, в том числе информировать вас по указанным контактам об изменениях по оплаченным заказам (например, отмена или перенос рейса, изменение условий экскурсии или отеля);
- проводить конкурсы и рекламные акции, информировать о результатах участия;
- предлагать вам наши продукты и услуги, а также продукты и услуги партнёров (с вашего согласия);
- связываться с вами для проведения опросов о качестве обслуживания;
- анализировать и улучшать наши сервисы и функционал;
- фиксировать и использовать вашу обратную связь и коммуникации с нашей компанией по любым каналам (служба поддержки, опросы, социальные сети, страницы приложения), чтобы улучшать сервис и реагировать на ваши запросы;
- соблюдать требования законодательства.

Если вы бронируете услугу для другого лица, вы должны получить его согласие на предоставление и использование персональных данных.

5. С кем мы можем делиться данными

Мы можем передавать ваши данные:

- ОАО «Бакай Банк» — для аутентификации, проведения платежей и обеспечения взаимодействия с приложением;
- партнёрам по интеграции — для автоматического заполнения данных и бронирования билетов, экскурсий и визовой поддержки;
- авиакомпаниям, туроператорам и другим поставщикам услуг — чтобы исполнить ваш заказ. Эти организации действуют как самостоятельные контролёры данных и применяют собственные политики конфиденциальности;
- вашим представителям, действующим от вашего имени (например, члены семьи, туристические агентства, агенты по продажам билетов, работодатели при корпоративном бронировании);
- государственным органам — если этого требует закон (например, миграционная служба, таможня, органы правопорядка);
- подрядчикам, которые помогают нам с ИТ-услугами, хранением и обработкой данных, аналитикой, защитой от мошенничества, маркетингом, исследованиями;
- компаниям, проводящим конкурсы и акции от нашего имени или с нашим участием;
- юридическим фирмам и судам — в целях исполнения контрактов и защиты прав.

Передача всегда ограничивается только необходимым объёмом данных. Мы выступаем как «контролёр» персональных данных в соответствии с законом Кыргызской Республики и передаём данные другим контролёрам. Например, при бронировании авиабилетов мы передаём ваши данные партнёру по интеграции,

который в свою очередь передаёт их авиакомпаниям. Аналогично, при бронировании экскурсий мы передаём ФИО, номер телефона и почту клиента поставщикам экскурсионных услуг. Все такие передачи данных происходят в рамках полученного согласия или иного законного основания.

Если клиент желает отозвать своё согласие на обработку персональных данных, он может обратиться в Банк, через который осуществляется доступ к Сервису, либо напрямую к нам. После отзыва согласия мы не вправе продолжать обработку персональных данных.

6. Хранение, защита и трансграничная передача данных

- Данные могут храниться и обрабатываться на серверах как в Кыргызской Республике, так и за её пределами (в том числе в дата-центрах за пределами Кыргызской Республики, в юрисдикциях с признанным уровнем защиты данных), при условии обеспечения адекватного уровня защиты в соответствии с требованиями законодательства КР и международными стандартами.
- Трансграничная передача персональных данных осуществляется только при наличии законных оснований и с применением мер защиты, предусмотренных законодательством КР. В таких случаях мы требуем от получателей данных соблюдения конфиденциальности и обеспечения безопасности информации.
- Срок хранения: пока это нужно для целей обработки, но не дольше 5 лет после окончания договора, если закон не требует большего.
- Мы применяем современные организационные и технические меры защиты (шифрование, ограничение доступа, мониторинг безопасности).
- Данные карт не хранятся в Сервисе — процессинг осуществляется через сертифицированные платёжные системы.

7. Ваши права

Вы, как субъект персональных данных, имеете право:

- получать подтверждение факта обработки ваших персональных данных;
- получать сведения о правовых основаниях и целях обработки персональных данных;
- получать перечень персональных данных, которые мы обрабатываем;
- получать сведения о способах обработки данных;
- знать наше наименование и местонахождение;
- получать информацию о лицах, которые имеют доступ к вашим данным или которым они могут быть раскрыты на основании договора или закона;
- знать сроки обработки и хранения персональных данных;
- получать разъяснения о порядке реализации своих прав;
- получать информацию о третьих лицах, обрабатывающих данные по поручению Компании;

- требовать уточнения, блокирования или уничтожения персональных данных, если они являются неполными, устаревшими, неточными, незаконно полученными или не нужны для заявленных целей;
- отозвать своё согласие на обработку персональных данных (в том числе через Банк);
- требовать устранения неправомерных действий в отношении ваших персональных данных;
- обжаловать наши действия или бездействие в уполномоченных органах или в суде;
- защищать свои права и законные интересы, включая возмещение убытков и/или компенсацию морального вреда.

8. Наши обязанности

Мы, как оператор персональных данных, обязуемся:

- принимать необходимые меры для выполнения обязанностей, предусмотренных законодательством;
- разъяснять субъекту персональных данных последствия отказа предоставить данные;
- блокировать неправомерно обрабатываемые данные;
- прекращать обработку персональных данных в случаях, установленных законом;
- уведомлять субъекта о корректировке или уничтожении его персональных данных;
- предоставлять по запросу информацию, касающуюся обработки данных;
- обеспечивать защиту персональных данных с использованием современных организационных и технических мер.

9. Несовершеннолетние.

Сервис не предназначен для лиц младше 18 лет. Если вы родитель или опекун и считаете, что ребёнок предоставил нам данные без вашего согласия, пожалуйста, свяжитесь с нами — мы удалим информацию.

10. Ответственность

Мы отвечаем за надёжное обращение с вашими персональными данными в рамках законодательства КР. Если утечка или раскрытие данных произошли по вине самого Пользователя (например, при передаче паролей третьим лицам), ответственность мы не несём.

11. Контакты

Если у вас есть вопросы о том, как мы используем и защищаем ваши данные, свяжитесь с нами:

- Email: support@btravel.kg

- Адрес: Кыргызская Республика, г.Бишкек, Свердловский район, улица Московская, дом 84.

Купуялуулук жана жеке маалыматтарды иштетүү саясаты
BAKAI Travel
(«Бакай Трэвел Кей Джи» ЖЧК)

1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Купуялуулук жана жеке маалыматтарды иштетүү саясаты (мындан ары – Саясат) биз кандай жеке маалыматтарды чогултарыбызды, аларды кантип колдонгонубузду жана « BAKAI Travel» сервиси (мындан ары – Сервис) менен иштөөдө сиздин маалыматтарыңыздын коопсуздугун кантип камсыз кыларыбызды түшүндүрөт. Сервис «Бакай Банк» ААК мобилдик тиркемеге интеграцияланган.

1.2. Биз Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, анын ичинде «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» мыйзамды сактайбыз жана эң мыкты эл аралык тажрыйбаларды карманууга аракет кылабыз. «Бакай Трэвел Кей Джи» ЖЧК жеке маалыматтарды иштетүүчү операторлордун реестрине 2025-жылдын 10-июлундагы № 1-03227 каттоо номери менен катталган.

1.3. Биз сиздин ишенимиңизди баалайбыз. Сервисти колдонуу менен сиз ушул Саясаттын шарттарына макул болосуз. Эгерде сиз бул шарттарга макул болбосоңуз, сураныч, Сервисти колдонбоңуз.

1.4. Саясат жаңыланып турушу мүмкүн. Биз жаңы редакцияларды тиркемеде жана веб-сайтта өз убагында жарыялайбыз.

2. Терминдер жана аныктамалар

Жеке маалыматтар – конкреттүү адамды түз же кыйыр түрдө аныктоого мүмкүндүк берген ар кандай маалымат. Бул Колдонуучунун өзүнө тиешелүү маалыматтар же Колдонуучу брондоо же кызмат алуу үчүн көрсөткөн үчүнчү жактарга (мисалы, жүргүнчүлөр же коштоочулар) тиешелүү маалыматтар болушу мүмкүн.

Жеке маалыматтарды иштетүү – бул маалыматтар менен аткарылган ар кандай иш-аракеттер: чогултуу, сактоо, пайдалануу, берүү, жок кылуу ж.б.

Жеке маалыматтардын купуялуулугу – биздин сиздин макулдугуңуз же мыйзамдуу негиздерсиз маалыматтарды өткөрүп бербоо боюнча милдеттенмебиз. Маалыматтарды иштетүүгө макулдугуңуз Сервисте ар бир сатып алуу жана буйрутма берүү учурунда суралат.

«Биз», «бизге», «биздин», «Компания» жана « BAKAI Travel» – ЖЧК «Бакай Трэвел Кей Джи» компаниясына тиешелүү.

«Сиз», «сизге», «сиздин», «Колдонуучу» жана «Кардар» – BAKAI Travel сервиси аркылуу буйрутма берген же берүүнү пландаган колдонуучуга тиешелүү. Кардар – мыйзамга ылайык жашы жеткен, келишимдик мамилелерге кирүүгө укугу бар, жөндөмдүү жеке адам. Кардарга ошондой эле буйрутмада кызмат алуучу катары көрсөтүлгөн адам да кирет.

«Буйрутма» – Кардардын тиркемеде же колдоо кызматы аркылуу Сервистин кызматтарын брондоо же төлөө боюнча суроо-талабы.

«Жеткирүүчү» – Сервис аркылуу брондоо жана сатып алуу үчүн жеткиликтүү кызматтарды көрсөткөн уюм (интеграция боюнча өнөктөш, авиакомпания, туроператор, экскурсиялык оператор ж.б.).

3. Биз кандай маалыматтарды иштетебиз

Биз төмөнкү маалыматтарды иштете алабыз:

- Толук аты-жөнү, туулган күнү, жынысы, жарандыгы;
- Паспорт маалыматтары жана инсандыгын тастыктаган башка маалыматтар (сериясы жана номери, жарактуулук мөөнөтү, ким тарабынан берилген);
- Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери (инн) (зарыл болгон учурда);
- Байланыш маалыматтары (телефон номери, электрондук почта);
- Төлөм маалыматтары жана транзакцияларды ырастоо;
- Буйрутмалар жөнүндө маалыматтар (авиабилеттер, экскурсиялар ж.б.);
- Техникалык маалыматтар (IP-дарек, түзмөк жөнүндө маалымат, cookies);
- Жайгашкан жер тууралуу маалыматтар (эгер сиз макулдугуңузду берген болсоңуз);
- Биздин колдоо кызматы жана башка байланыш каналдары (анкеталар, социалдык тармактар, тиркеменин баракчалары) аркылуу алынган пикирлер жана коммуникациялар;
- Кызматтарды көрсөтүү үчүн зарыл болгон башка маалыматтар.

4. Бул маалымат эмне үчүн бизге керек

Биз жеке маалыматтарды чогултабыз жана колдонобуз, эгерде бул үчүн мыйзамдуу негиздер болсо гана: биздин келишимдик милдеттенмелерибизди аткаруу, мыйзам талаптары же сиздин макулдугуңуз.
Бул маалыматтар төмөнкү максаттар үчүн зарыл:

- Кызматтарды көрсөтүү (брондоо түзүү, буйрутманы ырастоо, маршруттук квитанцияларды жөнөтүү);
- Төлөмдөрдү жүргүзүү жана ырастоо, анын ичинде маалыматтарды банкка жана төлөм системаларына өткөрүп берүү;
- Техникалык колдоо көрсөтүү, кайрылууларды жана суроо-талаптарды иштетүү;
- Жүктөрдү ташуу, ташуучулардын эрежелери жана саякаттын башка шарттары тууралуу маалымат берүү;
- SMS, push-билдирүүлөр жана буйрутмаларыңызга байланыштуу башка билдирүүлөрдү жөнөтүү, анын ичинде сиз көрсөткөн байланыштар аркылуу төлөнгөн буйрутмалар боюнча өзгөрүүлөр жөнүндө маалымдоо (мисалы, рейстин жокко чыгарылышы же жылдырылышы, экскурсия же мейманкана шарттарынын өзгөрүшү);
- Конкурстарды жана жарнамалык акцияларды өткөрүү, катышуу жыйынтыктары жөнүндө маалымдоо;
- Сиздин макулдугуңуз менен биздин өнүмдөрдү жана кызматтарды, ошондой эле өнөктөштөрдүн өнүмдөрү менен кызматтарын сунуштоо;
- Тейлөө сапаты боюнча сурамжылоолорду жүргүзүү үчүн сиз менен байланышуу;
- Биздин сервистерди жана функционалды талдоо жана жакшыртуу;
- Сиздин биздин компания менен ар кандай каналдар (колдоо кызматы, сурамжылоолор, социалдык тармактар, тиркеменин баракчалары) аркылуу болгон пикирлериңизди жана коммуникацияларыңызды каттоо жана пайдалануу, сервисти жакшыртуу жана сиздин суроо-талаптарыңызга жооп берүү;
- Мыйзам талаптарын сактоо.

5. Маалыматтарды кимдер менен бөлүшө алабыз

Биз сиздин маалыматтарыңызды төмөнкүлөргө өткөрүп беришибиз мүмкүн:

- «Бакай Банк» ААК — аутентификация, төлөмдөрдү жүргүзүү жана тиркеме менен өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу үчүн;
- Интеграция боюнча өнөктөштөргө — маалыматтарды автоматтык түрдө толтуруу жана билеттерди, экскурсияларды жана визалык колдоону брондоо үчүн;
- Авиакомпанияларга, туроператорлорго жана башка кызмат жеткирүүчүлөргө — сиздин буйрутмаңызды аткаруу үчүн. Бул уюмдар өз

алдынча маалымат көзөмөлчү катары иш алып барышат жана өздөрүнүн купуялуулук саясаттарын колдонушат;
- Сиздин атыңыздан иш-аракет кылган өкүлдөрүңүзгө (мисалы, үй-бүлө мүчөлөрү, туристтик агенттиктер, билет сатуу агенттери, корпоративдик брондоо учурунда жумуш берүүчүлөр);
- Мамлекеттик органдарга — мыйзам талап кылган учурда (мисалы, миграциялык кызмат, бажы, укук коргоо органдары);
- Бизге IT-кызматтар, маалыматтарды сактоо жана иштетүү, аналитика, алдамчылыктан коргоо, маркетинг жана изилдөөлөр боюнча жардам берүүчү подрядчыларга;
- Биздин атыбыздан же биздин катышуубуз менен конкурстарды жана акцияларды өткөргөн компанияларга;
- Келишимдерди аткаруу жана укуктарды коргоо максатында юридикалык фирмаларга жана сотторго.

Маалыматтарды өткөрүп берүү ар дайым зарыл болгон көлөм менен гана чектелет. Биз Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жеке маалыматтар менен «көзөмөлчү» катары иш алып барабыз жана маалыматтарды башка көзөмөлчүлөргө өткөрүп беребиз. Мисалы, авиабилеттерди брондоодо биз сиздин маалыматтарыңызды интеграция боюнча өнөктөшкө өткөрүп беребиз, ал өз кезегинде аларды авиакомпанияларга жөнөтөт. Ошондой эле, экскурсияларды брондоодо биз кардардын толук аты-жөнүн, телефон номерин жана электрондук почтасын экскурсиялык кызмат жеткирүүчүлөргө өткөрүп беребиз. Мындай маалыматтарды өткөрүп берүү алынган макулдук же башка мыйзамдуу негиздердин алкагында ишке ашырылат.

Эгер кардар жеке маалыматтарды иштетүүгө берген макулдугун кайтарып алууну кааласа, ал Сервиске кирүү жүргүзүлгөн Банкка же түз эле бизге кайрыла алат. Макулдук кайтарып алынгандан кийин биз жеке маалыматтарды иштетүүнү уланта албайбыз.

6. Маалыматтарды сактоо, коргоо жана чек арадан өткөрүп берүү

- Маалыматтар Кыргыз Республикасынын аймагындагы серверлерде, ошондой эле анын чегинен тышкары (анын ичинде Кыргыз Республикасынан тышкары маалымат борборлорунда, маалыматтарды коргоо деңгээли таанылган юрисдикцияларда) сакталып жана иштетилиши мүмкүн, бирок Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына жана эл аралык стандарттарга ылайык жетиштүү коргоо деңгээли камсыздалат.

- Жеке маалыматтарды чек арадан өткөрүп берүү мыйзамдуу негиздер болгон учурда гана жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган коргоо чараларын колдонуу менен жүргүзүлөт. Мындай учурларда биз маалыматтарды алган тараптардан купуялуулукту сактоону жана маалыматтын коопсуздугун камсыз кылууну талап кылабыз.
- Сактоо мөөнөтү: маалыматтар иштетүү максаттары үчүн зарыл болгон убакытка чейин сакталат, бирок келишим аяктагандан кийин 5 жылдан ашпайт, эгер мыйзамда узак мөөнөт талап кылынбаса.
- Биз заманбап уюштуруучулук жана техникалык коргоо чараларын колдонобуз (шифрлөө, кирүүнү чектөө, коопсуздукту көзөмөлдөө).
- Карта маалыматтары Сервисте сакталбайт — төлөм процесси сертификацияланган төлөм системалары аркылуу жүргүзүлөт.

7. Сиздин укуктарыңыз

Сиз, жеке маалыматтардын субъекти катары, төмөнкү укуктарга ээсиз:

- жеке маалыматтарыңыздын иштетилгени боюнча ырастоо алуу;
- жеке маалыматтарды иштетүүнүн мыйзамдуу негиздери жана максаттары тууралуу маалымат алуу;
- биз иштеткен жеке маалыматтардын тизмесин алуу;
- маалыматтарды иштетүү ыкмалары тууралуу маалымат алуу;
- биздин аталышыбызды жана жайгашкан жерибизди билүү;
- келишимдин же мыйзамдын негизинде сиздин маалыматтарыңызга кирүү же аларды ачыкка чыгаруу укугуна ээ болгон жактар жөнүндө маалымат алуу;
- жеке маалыматтарды иштетүү жана сактоо мөөнөттөрүн билүү;
- өз укуктарын ишке ашыруу тартиби боюнча түшүндүрмө алуу;
- Компаниянын тапшырмасын аткарып маалыматтарды иштеткен үчүнчү жактар тууралуу маалымат алуу;
- жеке маалыматтарды тактоону, блоктоону же жок кылууну талап кылуу, эгер алар толук эмес, эскирген, так эмес, мыйзамсыз алынган же көрсөтүлгөн максаттар үчүн керексиз болсо;
- жеке маалыматтарды иштетүүгө берген макулдугун кайтарып алуу (анын ичинде Банк аркылуу);
- сиздин жеке маалыматтарыңызга карата мыйзамсыз иш-аракеттерди жоюуну талап кылуу;
- биздин иш-аракеттерибиз же иш-аракетибиздин жоктугу жөнүндө укук жана сот органдарына даттанганга;
- өз укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо, анын ичинде зыяндарды өндүрүп алуу жана/же моралдык зыяндын ордун толтуруу.

8. Биздин милдеттерибиз

Биз, жеке маалыматтардын оператору катары, төмөнкүлөр боюнча милдеттенебиз:

- мыйзамда каралган милдеттенмелерди аткаруу үчүн зарыл чараларды көрүү;
- жеке маалыматтардын субъектине маалыматтарды берүүдөн баш тартуунун кесепеттерин түшүндүрүү;
- мыйзамсыз иштетилген маалыматтарды бөгөттөө;
- мыйзамда белгиленген учурларда жеке маалыматтарды иштетүүнү токтотуу;
- жеке маалыматтардын субъектине анын маалыматтары оңдолгон же жок кылынган учурда кабарлоо;
- суроо-талап боюнча маалыматтарды иштетүүгө байланыштуу маалыматтарды берүү;
- заманбап уюштуруучулук жана техникалык чараларды колдонуу менен жеке маалыматтарды коргоону камсыз кылуу.

9. Жашы жете электер.

Бул сервис 18 жашка чейинки адамдар үчүн арналган эмес. Эгер сиз ата-эне же камкорчу болсоңуз жана балаңыз биздин сервиске сиздин макулдугуңуз жок жеке маалымат берген деп эсептесеңиз, анда биз менен байланышыңыз — биз ал маалыматтарды жок кылабыз.

10. Жоопкерчилик

Биз Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында сиздин жеке маалыматтарыңыз менен ишенимдүү иштөөгө жооптуубуз. Эгер маалыматтардын тарап кетиши же ачыкка чыгышы Колдонуучунун өзүнүн күнөөсү менен болсо (мисалы, сырсөздөрдү үчүнчү жактарга берүү), биз жоопкерчилик тартпайбыз.

11. Байланыштар

Эгер сиздин маалыматтарыңызды кантип колдонуп жана коргоп жатканыбыз тууралуу суроолоруңуз болсо, биз менен байланышыңыз:

- Электрондук почта: support@btravel.kg
- Дарек: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Свердлов району, Московская көчөсү, 84-үй.